9. Lukichev P.M. State regulation and its effectiveness. [Electronic resource] Access mode: https://motivtrud.ru/PCost/research/Gosreg/gosregeffect.pdf
10. Mamaturdiev G.M. Methodology for determining food self-sufficiency and food independence in the Kyrgyz Republic. [Text] / G.M. Mamaturdiev, D.K. Sulaimanova // IZVESTIYA VUZOV KYRGYZSTAN. - 2017. - № 9.
11. Data bank. Indicators of global development. [electronic resource]. – Access mode: https://databank.worldbank.org/source/world-development-indicators
12. Kloss, L. Suitability and application of scenario planning for national professional associations // Non-profit management and leadership, 1999. Volume 10, No. 1, pp. 71-83.

УДК: 657.372.34:641/642:316.344.6
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-162-168

**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич, Камбаралиева Ж.К**
М. Рыскулбеков атындагы КЭУ, экономика илимдеринин доктору, профессор,
И.Раззаков атындагы КМТУ, аспирант
**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич, Камбаралиева Ж.К**
КЭУ им. М. Рыскулбекова, доктор экономических наук, профессор,
КГТУ им. И. Раззакова, аспирантка
**Beksultanov Azizbek Abdilkarievich, Kambaralieva Zh.K.**
M. Ryskulbekov KEU, Doctor of Economics, Professor,
I. Razzakov KSTU, postgraduate student

# ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКТАРДЫН ОРДУ ЖАНА РОЛУ
# МЕСТО И РОЛЬ КОММЕРЧЕСКИХ БАНКОВ В ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАНАХ
# PLACE AND ROLE OF COMMERCIAL BANKS IN FOREIGN COUNTRIES

**Аннотация:** Макалада чет өлкөлөрдө коммерциялык банктардын аткарган иштери, алардын орду жана ролу жөнүндө сөз болмокчу. Коммерциялык банктар мамлекеттик мекемелер менен гана иштешбестен, ишканаларды, өнөр-жайларды, майда чакан фабрикаларды кредиттер менен камсыз кылууда коммериялык банктар алардын өндүрүштөн тапкан пайдасын, өндүрүлгөн товарлардын сапатын, сатылуу жолдорун ж.б ларды көзөмөлдөөгө кызыктар. Мындай шарттар кредиттик банктарга интернет аркылуу иштөө тартибин бир кыйла жөнөкөй жана ыңгайлуулуктарды жаратуу жөнүндө да камтылды.

**Аннотация:** В статье рассматривается о деятельности коммерческих банков за рубежом, их месте и роли. Коммерческие банки работают не только с государственными учреждениями, но и в кредитовании предприятий, производств и мелких фабрик, коммерческие банки заинтересованы в контроле их прибыли от производства, качества выпускаемых товаров, способов реализации и т. Д. К таким условиям относилось создание более простого и удобного способа работы кредитных банков через Интернет.

**Abstract:** The article will talk about the activities of commercial banks abroad, their place and role. Commercial banks not only work with state institutions, but in providing loans to enterprises, industries, and small factories, commercial banks are interested in controlling their

profit from production, quality of manufactured goods, sales methods, etc. Such conditions included the creation of a simpler and more convenient way of working for credit banks via the Internet.

**Негизги сөздөр:** долбоор, борборлор, келишимдер, өндүрүштөр, үзгүлтүксүз, жүгүртүү, пайда, орду, салыштыруу, көзөмөл, колдоо, ишеним, каржы, көйгөй, кризистик, ылайык, камсыздоо, сунуштоо, деңгээл, сектор, колдонуу,өбөлгө, маалымат, багыт, кардар ж.б.

**Ключевые слова:** проект, центры, контракты, производства, непрерывный, оборот, выгода, расположение, сравнение, контроль, поддержка, доверие, финансы, проблема, кризис, соответствие, поставка, предложение, уровень, сектор, использование, размер, информация, направление , клиент и т.д.

**Keywords:** project, centers, contracts, productions, continuous, circulation, benefit, location, comparison, control, support, trust, finance, problem, crisis, compliance, supply, offer, level, sector, application, information, direction, customer, etc. .p.

Коммерциялык банктар ар бир өлкөнүн экономикасында маанилүү ролду ойнойт. Алардын иш-аракети экономиканын бардык секторлору менен тыгыз мамиледе болуп туруусу абзел. Себеби, коммерциялык банктардын аткарган иш аракети мамлекеттик экономиканын өнүгүүсүнө түрткү берет. Өлкөдө коммерциялык банктар канчалык өнүгүү деңгээлине жетишсе, алардын бүт аткарган иш-чаралары мамлекеттик бюджетте чагылдырылып турат. Банктар иштөө принциптеринде колдонгон жана жаңыдан колдонууга киргизип жаткан программалар, операциялар: накталай эмес акча которуу системасы аркылуу, мамлекеттке түшүүчү салыктар түздөн-түз бюджетке келип түшүүсүнө өбөлгө түзөт. Ушундан улам коммерциялык банктардын ролу жана орду мамлекет үчүн жогорку орунду ээлейт дегенди билдирет.[1]

Коомдо экономиканын динамикасы тез өнүгүүсүнө байланыштуу: өнөр-жай, айыл-чарба, жеңил өнөр-жайлардын өнүгүшүндө чоң суммадагы акчаларга талап күчөөдө. Ушундан улам коммерциялык банктар Европпа ж.б өлкөлөрдө кредитөө системасын толук кандуу көзөмөлгө алышты.
Кредит алууда, депозитке (аманатка) акча каражаттарын салууда, акча которууда коммерциялык банктар олуттуу орунду ээлейт. Себеби, банк аркылуу жургүзүлүүчү операциялардын баары калк үчүн кепилдүү. Ошонун негизинде адамдардын көбү коммерциялык банктын операцияларын колдонууну кундөн-күнгө улантып келишүүдө. Банктардын учурдагы негизги милдети – бул үзгүлтүксүз акча каражаттарынын жүгүртүлүшүн камсыз кылуу жана кредит тармактарын өнүктүрүү болуп саналат. Банктардын экономикадагы ролун жогорулатуу үчүн алар өз чөйрөсүндөгу каржылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрлөрүн өнүктүрүүгө милдеттүү. [1]

Бүгүнкү күндө статистиканын агымы боюнча коммерциялык банктар аткарган милдеттери, б.а каржылоодогу ортомчулуктун масштабы боюнча эбегейсиз чоң көлөмдү ээлөөдө. Бул статистиканын тартуулаган жообу боюнча, бардык эле банктар сапаттуу дегенди билдирбейт. Бирок ошол коммерциялык банктардын ичинен көрүнүктүүлөрү болуп төмөнкү өлкөлөрдөгү коммерциялык банктар эсептелет: Гемаониядагы, Америкадагы, Англиядагы, Швейцариядагы, Испаниядагы, Россиядагы, Узбекистандагы, Казахстандагы ж.б. [4,5,6]

АКШ, Англия, Франция мамлекеттеринде калкты кредитөө максатында коммерциялык банктардын көрсөткөн кызматтары, тейлөө багыттары өнүккөн. Дүйнө жүзүндө экономиканын өнүгүшү менен коммерциялык банктардын ортосундагы атаандашуу процесси күндөн-күнгө күчөдөө. Кардарлардын коммерциялык банктарга болгон мамилелери, көз караштары өзгөрүүсүнө алып келүүдө. Ошондой эле бул банктардагы баалуу кагаздардын кеңири колдонуулусуна талап күчөп, акционерлер (учредителдер) коммерциялык банктарды монополиялаштыруу керек экендигин жашоо турмуш аркылуу түшүнүшкөн. Ошентип АКШ да коммерциялык банктардын жаңы типтеги кардарларга кызмат көрсөтүүдөгү багыттарын жана ченемдерин көзөмөлдөө күчөй баштаган. [2]

Коомдо коммерциялык банктардын жогорку деңгээлде өнүгүүсүнө карабастан , азыркы күндө бул экономиканын динамикасынын бир бөлүгү деп аталган базарлар, соода борборлору коммерциялык банктар үчүн жетиштүү болбойт. Мисалы, Германияда экономикалык серепчилердин айтуусуна караганда кардарларга өз бизнестерин өнүктүрүү менен бир эле мезгилде бир же эки же болбосо үч интернет банктар менен иштөөгө уруксат берилген.

Ишканаларды, өнөр-жайларды, майда чакан фабрикаларды кредиттер менен камсыз кылууда коммериялык банктар алардын өндүрүштөн тапкан пайдасын, өндүрүлгөн товарлардын сапатын, сатылуу жолдорун ж.б ларды көзөмөлдөөгө кызыктар. Мындай шарттар кредиттик банктарга интернет аркылуу иштөө тартибин бир кыйла жөнөкөй жана ыңгайлуулуктарды жаратууда. Автоматташтырылган банктар жана алардын бутактары (филиалдары) чоң соода борборлорунда калкты кредитөө жумуштары менен алек. Кардарлар үчүн кыйын болгон маалыматтар банктардын инттернет баракчаларында жайгаштырылып кардарлардын маалымат алуусуна жеңилдиктерди жаратууда. Интернет баракчаларын ачылуусу коммерциялык банктардын кредитөө жана депозиттерди кабыл алуу багыттарында көп ийгиликтерди жаратууда. Себеби, интернеттин жардам менен кардарлар кайсы бир банк тууралуу маалымат алгысы келсе, ошол заматта эле алар инетернетке белгилүү бир банктын аталышын жазып туруп, ал банк тарабынан тартууланууучу продуктулары туралуу окуп билип алса болот. Мындай ыңгайлуу шарттар банк үчүнда, кардарлар үчүн да азыркы учурда эң керектүү болуп саналат. [3]

Россия Федрасиясынын коммерциялык банктарынын азыркы күндө иштөөдөгү ролу жана орду жөнүндө айтып кетсек, алар аябагандай жогорку орунду жана ролду ойноп келүүдө. Россия Федерациясындагы коммерциялык банктардын түзүлүүсү, өнүгүүсү башка мамлекеттердегидей эле, б.а коммерциялык банктар эономикадагы өзөрүүлөргө, өнугүүгө жана ошондой эле саясий стбилдүүлүккө байланыштуу. Өлкөдөгү саясий стабилдүүлүк негизинен коммерциялык банктардын өнүгүүсүнө чоң шарт түзөт. [3,5]

Россиядагы коммерциялык банктар- банк системасынын негизг тутумдары, алар бир гана ишкана, өнөр-жайларды тейлебестен, жөнөкөй калктын катмарында банктык продуктулар менен канаатандырып келишет. Коммерциялык банктар өлкөнүн экономикасында өзгөчө бир субъект катары белгилүү бир орунду ээлеп турат. Банктардын өз кардарларга болгон мамилеси коммерциялык мүнөздө. Коммерциялык банктар мамлекеттин мыйзамдарына ылайык юридикалык жак деген наамды алышкан жана ошого ылайык жеке жана юридикалык жактарын тейлөө, аларды кредитөө ж.б.у.с кызматтар менен камсыздоону өз максаты катары карайт. Бул коммерциялык банктардын баары өз кардарларынын каалоолору боюнча да кызматтарды көрсөтүп келишет. [1]

Россия Федерациясындагы коммерциялык банктар төмөнкүчө кызматтарды калкка тартуулап келет: [3,6]

- Убактынча бош жаткан акчаларды депозитке сактоо.
- Байлыктардын ар кандай түрлөрүн сактайт жана аларды сактоодо аларга атайын сейфтерди банк өз кардарларына таруулайт.
- Кардарлардын эсептеринен акча каражаттарын жүргүзүү, которуу ж.б.
- Депозит катары банк тарабынан кабыл алынган акчалардын жардамы менен кардарларга өз атынан кредит берет.
- Акча каражаттарды филиалдарына жеткирүү, ал жактан кайра алып келүү (инкассация) ж.б.у.с. кызматтарды аткарат.
- Атайын түзүлгөн келишимдердин негизинде карадарлардын акчаларын кыймылга келтирет.
- Чет өлкөлөрдүн акчаларын кабыл алат жана сатат.
- Кымбат баалуу металдар менен иштешет.
- Банк тарабынан жүргүзүлүүчү баардык операцияларга банк кепилдик берет.
- Коммерциялык банктар өз кызаттарын аткарууда ортомчулук ролду ойнойт.
- Кардарларга атайын финансылык кеңештерди берип турат.

Россия Федерациясынын коммерциялык банктарынын иштөө принциптерине өлкөдөгү экономикалык абал, ошондой эле ар кандай өнөр-жайлардын экономикалык абалы жана алардын өндүрүштөгү өзгөчөлүктөрүнө да байланыштуу болот. Банктар иштөө принциптери боюнча баардык коркунучтарды, аманатчыларга күтүлүүчү коопсуздуктарды банк өз мойнуна алат жана күрөөлөгө берилген акча каражаттарынын кайтарылуусу же болбосо кайтарылбай калыш коопсуздугундагы коркунучту бир гана банк өзу тартат.

Россия Федерациясындагы коммерциялык банктардын функциялары башка өнүккөн өлкөлөрдөй эле акча каражаттарын берүүдө ортомчулук роду ойнойт. [5,3]

АКШ, Европпа өлкөлөрүнүн Россия Федерациясына карата жүргүзгөн санкциялары банктардын иштөө тартиптерине да таасирин тийгизди. Азыр күндө Россиядагы коммерциялык банктарынын калкка көрсөткөн кызматтары төмөнкүчө: активдүү жана пассивдүү. Россиядагы коммерциялык банктар азыркы күндө ар кандай татаал атаандашууларга туруштук бере алуучудай болууда. Мамлекет тарабынан көптөгөн колдоолор жана субсидиялар берилүүдө. Ушундан улам айтсак болот, коммерциялык банктардын кардарларынын ишеними күндөн-күнгө өсүүдө. [2]

Анда эмесе Германия өлкөсүндө коммерциялык банктардын ролу жана орду тууралуу карай турган болсок, анда алардын саны аябагандай көп. Бирок ошол көптөгөн банктардын ичинен эң сапаттуусу, пайдасынын, кардарларынын көптүгү, элге тартуулаган кызматтары ж.б.у.с. сунуштары боюнча белгилүү, алдынкы коммерциялык банктарга төмөнкүлөр кирет: Commerzbank AG, Deutsche Bundesbank, HypoVereinsbank (HVB), Landesbank Baden, Wuerttemberg (LBBW) ж.б. Коммерциялык банктар Германияда азыркы убакыта актуалдуулукка ээ болуп жатат. Алар базар экономикасынын негизги милдеттеринин бири болуп калышты. Банктар мурда акча каражаттарын сактоочу катары иш алып барган болсо, азыр алар тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштердин саны көбөйүүдө. Коомду банк системасынын өнүккөн этаптары менен мүнөздөөгө болот. Банктардын учурдагы мааниси, орду жана ролу дүйнөлүк каржы кризисинен кийин көбөйгөн. Германиядагы коммерциялык банктардын экономикадагы ролун карай турган болсок, алар баалуу кагаздарга

инвестициялоодо жогорку деңгээлде тургандыгын байкооо болот. Мындан биз жыйынтык чыгарсак, коммерциялык банктар акция жана облигацияларды сатып алуу менен көп пайда табышы белгилүү болууда. [1,5]

Япониядагы коммерциялык банктарды алсак, Япониядагы коммерциялык банктарда жана жеке финансылык уюмдарда эксперементалдык иш аракеттер башталган. Эксперементтин негизинде кредиттик банктарда терс көрүнүштөр пайда болуп, банкта чоң чыгашаларга туш болушкан. Себеби алар жеке кардарларды гана тейлеген, бул болсо банктардын иш аракеттеринин чектелгендигин билдирген. Чет өлкөлүк аналитиктердин айтуусу боюнча Япон коммерциялык банктары келечектеги өнүгө турган компанияларды каржылабастан, өнүгүү деңгээлин начар болгон компаниялар менен иш алып баргандыктары белгилүү болууда. Ошол өнүгүүсү начар компанияларды каржылоонун негизинде, алар коммерциялык банктардан алган кредиттерин төлөй албай калышкан. Анткени ал компаниялар атаандаштыкка жооп бере албагандыгы себеп болон. Базар экономикасында Япониядагы коммерциялык банктардын өнүккө мекемелерди каржылабай, кайрадан эле атаандаштыкка жооп бербеген мекемелерди каржылоосунун негизинде, өнүгүп келе жаткан мекемелер тарабынан коммерциялык банктарга болгон талап төмөндөгөн. [2]

Финансы кризисинен кийин Япон коммерциялык банктары базар экономикасында өз кадыр баркын жогото башташкан. Ушундан улам өлкөдө мамлекеттик банк тармагын өнүктүрүү максатында, чет өлкөлүк коммерциялык банктарды: АКШ, Европа банктарын Япон өлкөсүнөн сүрүп чыгарууга аргасыз болгон. [2]

Көпкө созулган дефиляциондук (бул товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө болгон бааны азайтуу) процесстин негизинде Япония кредиттик банктарына ички, б.а өлкөдөгү резиденттердин кайрылуусу төмөн болгон. Ушундан улам Япон коммерциялык банктары чет мамлекеттерге чыгып, ошол жакта иш алып барууну туура көрүшкөн. Чет өлкөлөргө чыгуу менен коммерциялык банктар чоң проектилерди каржылоону колго ала башташкан. Бирок мындай каржылоо чоң тобокелчиликтерди жаратып турган. Долбоорлорго кеткен акча каражаттары канча жылда акталып бүтөт ж.б.у.с. суроолор кредит берүүдө талууланып турган. Ушундай долбоорлорду каржылоо менен банктар пайда көрүүсү узак убакытка созулаарын түшүнүшкөн. Ушунтип олтуруп Япон коммерциялык банктарына чет өлкөлөрдө талап күчөй баштаган. Мындан жыйынтык чыгара турган болсок, анда финансылык кризистин жардамы менен Японияда коммерциялык банктардын сапатуулары калып алардын өнүгүү стадиясы башталгадыгын байкоого болот , ал эми саны сапаты жоктор өзүнөн-өзү эле жок болгон. [3,5]

Ошентип Япониядагы коммерциялык банктар өнүгүү жолуна түшкөндө алар негизинен акча каражаттарына өтө деле муктаж болушкан эмес. Анткени алардын өздүк капиталынын суммасы жогору болгон, мамлекет аларды субсидиялап (каржылап) турган. Коммерциялык банктардын өнүгүүсү менен алардын ролу жана орду жогорулай баштаган. Банктар мамлекет үчүн орчундуу орунду ээлеп, өлкөнүн экономикалык деңгээли жогорулатууну улантып келүүдө экенин мамлекет да, банк сектору да түшүнүшкөн. Ушундан улам эки тарап бири-бири менен болгон тыгыз байланышын токтотпой азыркы күнгө чейин улантып келүүдө.

Япония мамлекетинде азыркы учурда коммерциялык банктарынын ичинен 4 чоң, б.а мега банктары бар, аларга төмөнкүлөр кирет: Mitsubishi UFJ Financial Group, Sumitomo Mitsui Financial Group, Mizuho Financial Group. Бул банктар өздөрүнүн өндүрүштөгү

акыларын (пайдасын) көтөрүү максатында өндүрүштүк займдарды чыгарган. Ушул займдар менен чоң проектерди, инфраструктурадагы курулуштарды, кен байлыктарды өндүрүүчү карадарларга жогоруда айтылган коммерциялык банктар кредит бере башташкан. [5,6]

Өлкөнүн экономикасы түздөн-түз банк секторун өнүктүрүү менен тыгыз байланышта. Эгерде банк секторунда кандайдыр бир көйгөйлөр бар болсо же пайда боло турган болсо, анда алар өлкөнүн экономикасы таасир этет. Банктардын орду жана ролу ар бир мамлекет үчүн эң негизги көрсөткүтөргө ээ. Себеби банк сектору, тактап айтканда коммерциялык банктардын өнугүүсү аркылуу биз төмөнкүдөй жыйынтктарга ээ болуу мүмкүнчүлүгүнө жетише алабыз:

-Мамлекеттик бюджетке түшкөн салыктардын саны өсөт;

- Жумушсуздуктун азаюсуна түздөн-түз сбепчи болот. Мисалы, калк кредиттин жардамы менен өздөрүнүн жумуш ордуларын табат;

- банктар өздөрүнүн баалуу кагаздарын чыгаруу менен өздөрүнүн базар экономикасында ордун бекемдейт;

- Накталай эмес акча котоpуунун негизинде салыктар түздөн-түз мамлекеттик бюджетке келип түшүүсүн камсыз кылат;

Жогоруда коммерциялык банктардын иштөө принциптери жөнүндө аналитиктердин айтууларын эске алып, бүгүнкү күндө кайсы гана мамлекет болбосун алардын коммерциялык банктарынын иштөө тартиби жана максаттары окшош экенин белгилеп кетүү керек. Мындан улам ар кандай коммерциялык банктар каражат жумшап, көп пайда табууга умтулат. Банктардын болушу бул жаңы жумуш орундарын пайда болушуа, проектердин иш жүзөгө ашуусуна шарттарды түзөт.

### Колдонулган адабияттар:


1. Сарыбаев, А. Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүү тарыхы [Текст] / А.Сарыбаев, Ш.Садыбакасова. – Бишкек, 2014. – 256 б.
2. Бексултанов А.А. Кыргыз Республикасынын банк секторундагы көйгөйлөр жана аларды чечүү. Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин жарчысы. Н.Исанова. 2019. № 4 (66). 686-692-бб
3. Берг, Н.А. Азыркы этапта банктык көзөмөлдү уюштуруу [Текст] / Н.А.Берг, Р.А.Золотов // Жаш окумуштуу. – 2018. - № 40. – S. 121-124.
4. Кубанычбекова, У.К. Банк секторунун экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоо [Текст] / У.К.Кубанычбекова // Илимдин аймагы. – 2016. - № 2. – S. 100-105.
5. Цыганкова, А.И. Аймактык экономиканы өнүктүрүүдө коммерциялык банктардын ролун жогорулатуунун жолдору [Текст] / А.И. Цыганкова // Жаш окумуштуу. – 2015. - № 22. – S. 509-512.
6. Фролова, О.Ю. Россия Федерациясынын банк тутумунун экономиканын реалдуу секторунун иштешине тийгизген таасири [Текст] / О.Ю.Фролова // Молодой ученик. – 2014. - №3. – S. 575-578.


### References:


1. Sarybaev, A. The history of the development of the banking system of the Kyrgyz Republic [Text] / A.Sarybaev, Sh.Sadybakasova. – Bishkek, 2014. – 256 p

. 2. Beksultanov A.A. Problems of the banking sector of the Kyrgyz Republic and their solution. Bulletin of the Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture. N. Isanova. 2019. No. 4 (66). Pp. 686-692.
3. Berg, N.A. Organization of banking supervision at the present stage [Text] / N.A.Berg, R.A.Zolotov / / young scientist. – 2018. - № 40. – S. 121-124.
4. Kubanychbekova, U.K. Assessment of the impact of the banking sector on economic growth [text] / U.K.Kubanychbekova / / Territory of science. – 2016. – No. 2. – S. 100-105.
5. Tsygankova, A.I. Ways to increase the role of commercial banks in the development of the regional economy [Text] / A.I. Tsygankova / / young scientist. – 2015. – No. 22. – S. 509-512.
6. Frolova, O.Yu. The influence of the banking system of the Russian Federation on the functioning of the real sector of the economy [text] / O.Yu.Frolova / / A young scientist. – 2014. - №3. – S. 575-578.

УДК: 336.166(574.6)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-168-173

**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич, Иса кызы Асылай**
М. Рыскулбеков атындагы КЭУ, экономика илимдеринин доктору, профессор,
И.Раззаков атындагы КМТУ, аспирант
**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич, Иса кызы Асылай**
КЭУ им. М. Рыскулбекова, доктор экономических наук, профессор,
КГТУ им. И. Раззакова, аспирантка
**Beksultanov Azizbek Abdilkarievich, Isa kyzy Asylai**
M. Ryskulbekov KEU, Doctor of Economics, Professor,
I. Razzakov KSTU, postgraduate student

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ ТОВАРДЫК-МАТЕРИАЛДЫК ЗАПАСТАР БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК (№8 ҮМБНЫН МИСАЛЫНДА)
# ФИНАНСОВАЯ ОТЧЕТНОСТЬ ПО МАТЕРИАЛЬНЫМ ЗАПАСАМ В СФЕРЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КР ( НА ПРИМЕРЕ ЦСМ №8)
# FINANCIAL REPORTING ON INVENTORIES IN THE HEALTHCARE SECTOR OF THE KYRGYZ REPUBLIC (ON THE EXAMPLE OF FMC NO. 8)

**Аннотация:** Макалада товардык-материалдык баалуулуктарды кабыл алуу жана пайдалануу, алардын отчеттуулугу жөнүндө сөз болот. Финансылык жоопту адамдарды инвентаризациялоо, инвентаризациялоо комиссиясынын тапшырмаларын жүргүзүү. Ички жана тышкы отчетторду даярдоо. Бухгалтердик эсептин маалыматтарын салыштыруу.

**Аннотация:** В статье рассматриваются поступление и использование материальных запасов, и их отчетности. Проведения инвентаризации материально ответственных лиц, задачи инвентаризационной комиссии. Составление внутренней и внешней отчетности. Сверка данных по бухгалтерскому учету.